*УДК:370*

*Турусбекова А. Э.*

# ГЛОБАЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯЛОО УСУЛУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Турусбекова А. Э.*

# ВЛИЯНИЕ НА МЕТОДЫ ОБРАЗОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ ПРОГРАММЫ ГЛОБАЛЬНОГООБРАЗОВАНИЯ

*A. E. Turusbekova*

# IMPACT OF GLOBAL EDUCATIONAL PROGRAM ON EDUCATION AND UP-BRINGINGMETHODS

**Аннотация:** Кыргызстанда билим берүүдө глобалдык билим берүү программасы мектептерде колдонулуп кандайдыр бир денгээлде билим берүүгө таасирин тийгизди. Бул макалада глобалдык билим берүүнүн негизги маңызы жана сабактарда колдонуу идеясы берилди. Ошону менен биргеиштеп жаткан мугалимдин сабагынаталдоо жүргүзүлүп, мугалим менен окуучунун ортосундагысабак берүү процессиндеги иш аракеттерге анализ берилди.

**Негизги сөздөр:** глобалдык билим берүү, усул, тарбия, педагог, окуучу, интерактивдүү окутуу, эмгектер, глобалдык проблемалар, анализ, сабак, таасирлер, дүйнөлүк проблемалар.

**Аннотация:** В Кыргызстане действует программа глобального образования. Она оказала на систему образования определенные влияние. В данной статье отражены основное содержание глобального образованияи идея использования его на уроках. А также дан анализ деятельности учителя и ученика в процессе проведения урока.

**Ключевые слова:** Глобальное образование, метод, педагог, ученик, интерактивные обучение, произведение, преподование, глобальные проблемы, анализ, урок, влияние, мировые проблемы.

**Annotation:** A global education program is acted in Kyrgyzstan. It had on the education system of a certain influence. The main content of global education and the idea of using in the classroom are reflected in this article. Also are given analysis of the teachers and students activities in the course of the lesson.

**Key words:** global educationon, method, up- bringing, pedagogue, trainee, interactiveteaching, works, global problems, analysis, class, impact, worldproblems.

Ар дайым билим берүү системасында иштегендербизде билим берүүгөжетишерлик көңүл бурулбайт, чет өлкөдө мындай экен деп толгон- токой мисалдарды келтирип калышат. Анын да кандайдыр бир денгээлде чындыгы бардыр, бироктакыр эле көңүл бурулбай жатат деген ойлорго кошула албайм. Карап көрөлүчүбилим берүү системасы кандай гана өзгөрүүлөрдү башынын өткөргөн жок. Бардык кризистерди башынанөткөрүп, бирок өзүнүн багытынан тайбай келет. Айтылган сөз бар: «Мектеп партасы коодо болуп жаткан окуяларды чагылдырып турган күзгү” -деген. Чындап эле мунункандайдыр бир денгээлде чындыгы бар. СССР империясыкулапбир кездеги 15 союздук республика өз алдынчалыгына ээ болуп, ар кандай зор өзгөрүштөргө туш болгондобилим берүү системасы дачетте калган жок. Окуучулардын көз караштары өзгөрүлүп, мурдатан келе жаткан сабак

аларды канатттандырбагандай, ал эми мугалимөтүпжаткан сабагы эскирип жаңы нерсе керек болгондой сезимдер пайда болуп, башкача жаңыланууну издей башташты. Мына ушундай мезгилде өз казаныбызда өзүбүз кайнабайбашкалардан тажрыйба алуу, чет өлкөлөрдөбалдарга кандай билим берет деген кызыгуу пайда боло баштады[1]. Жалпы мугалимдердин билимин көтөрүүжана жаңылык катары билим берүү министирлиги тарабынан «Глобалдык билимберүү» программасы сунушталды. Бул биз үчүн жаңылык болду, анткенибуга чейин биз колдонбогоныкмалардысабактарда колдонууну сунуш кылышты. Бүгүнкү күнү кээ бир педагогдор билим берүүнүнмурдагы эски традициялыкжолу эле жакшы болчу, бул биздинбилим берүүнүнкалыптанган ыкмаларын бузду деген да көз караштар айтылып калып жүрөт. Бирок бул көз карашка кошула албайм, анткени коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрбиздинсабак берип жаткан өспүрүмдөргө да таасирин тийгизбей койгон жок. Ошондуктан биз жаныланууга, чыгармачылык менен өз көз караштарыбызды өзгөртүүзарылчылыгы келип чыккан. Эгер биз, жок бул өзгөрүүлөрдүкабыл албайбыз деп эски кайыгыбызга отуруп алыпөзгөрбөсөк андакандай болот эле, сөзсүз, андабиз балдардан бөлүнүп калмакбыз. Максаттарыбыз арбашка бир-бирибизди түшүнбөгөн, эптеп ар кимибиз өз ролубузду аргасыздан аткарганадамдар болуп калмакпыз[2].

Глобалдык билим бизге эмнени алып келди, бириинчилерден болуп биз сабак өтүүдөколдонуп жүргөн, бирок анчалык көңүл бурбаган элементтерге кайрылууга туура келди. Айтсак, аалам, дүйнөбир бүтүн экенин бүгүнкүааламдашуу жүрүп жаткан мезгилде ар канда й проблемалар бул бир өлкөнүнэмес, бардык адам затына тийиштүүэкендиги жөүндөгү идеяны башкача өңгүттөкарап чыгуугаалып келди.

Окуучу мектеп партасында отуруп ааламдаболуп жатканглобалдуу проблемалар жөнүндө түшүнүктөрдү алуу менен өзүнүной тегирменине «буларды кантип чечсе болот?Булнерселер менде да болушу мүмкүнбү" -деген суроолордунайланасында ой - жүгүртө баштайт.

Дүйнөдөболуп жаткан экологиялыккризистер, наркомания, спид, бактериялык ооруулар, согуш, ачарчылык, терроризм жана адам факторуна тиешелүүболгон биологиялыккартайуу, убакыт, мейкиндик, сезим деген түшүнүктөр -биз жер жүзүнүн кайсыпланетасында жашасак да баарыбыздын проблемабыз экендиги жөнүндөгү маалыматтарды кайрадан дагы бир жолу башкача карап чыгууга алып келди. Балдар бул түшүнүктөрдү чоңадамдардай кабыл алды, анткени биз алардын алдына "Сен али кичинекейсиң, турчу нары"дебей, мына дүйнөдөушундай проблемалар бар сен аны билүүгөжана аны чечүүгөтийишсин, анткенисен да ааламдын бир мүчөсүсүң, бул проблемалармага тиешеси жокдеп ким кепилдик бере алат -деген ойду ойлонууга ортого салдык[3].

Глобалдык билим берүүпрограммасында «Проблемалар түйүнү» дегенинтерактивдүүоюн бар, мына ушул ыкманы балдарга колдонгондо бала ойноп жатып, оюн аркылуунегизги проблеманы чечүүнүн жолун издейт. Чоң адамдардай ойлонот, түйшөлөт, алган билимдерин, тажрыйбасын колдонууга аракет жасайт, башкача айтканда мектеп партасында отуруп дүйнөлүк проблемалар жөнүндө ойлоно баштайт.

Бүгүнкү күнүбилим берүү тармагындамезгилдин өзгөрүүсүнүннатыйжасындамектеп көптөгөнөзгөрүүлөргө туш болуп отурат. Окуу процессине болгон мамиледа өзгөрүлдү.

Азыркы мезгилде дүйнөлүк илим - билимтездик менен өнүгүп, аны менен кошожаш өспүрмдүн да каалоо-талабынын, көзкарашынынөзгөргөн мезгили. Окуу процессинде мурдамисалдарды китептен алып жөн эле келтирип койсок, эми окуучунуөз алдынча

ойлонууга, анализ жүргүзүп чечим чыгара билүүгөтарбиялоо талабы коюлуп жатат. Мына ушул проблумаларды чечүүдө глобалдык билим берүү – күндөлүк турмушубуздагы актуалдуу проблемалартуралуу ой – жүгүртүүгө түрткүберүү, жөн эле ой жүгүртпөстөн туура ой- жүгүртүүгө, анализдөөгө, турмуштук тажрыйбаны пайдалана билүүгөжол көрсөтүптурат. Глобалдык билим алууда окуучуларсабакта маалымат алуу менен гана чектелбей, негизги маселе окуучунун турмушуна, жан дүйнөсүнө, чыгармачылөбөлгө түзгөнүндө турат. Ошондой эле окуучунун өз пикирин айтып, толук кандууиштешине шарт түзөт. Мектепте бул программа менен иштеген мугалимдер жана окуучуларга өз таасирин тийгизип жаткандыгы байкалат. Бул программаны өз ишинде туура пайдалана билген мугалимдердин иштеринде кандайдыр бир денгээлде ийгиликтерди жарата алды. Глобалдык билим берүүдөбилимдерди окуучунун сезимдерине кантип жеткерем деген суроо – сабак пооцессиндекөңүлдун борборундагы негизги маселе болуп саналат[4].

Деги эле глобалдык билим берүү программасы боюнча анын сабаккатийгизгентаасирлерине токтолгум келет:

- Глобалдык билим берүү мезгил сыноосунан өтүп, чыгармачылык менеништеген мугалимдер үчүнжардамчы боло алды;
- Глобалдык билим берүү - кичинекей өспүрүмөзүнинсан катары сезип, жоопторун ишенимдүү берип, мугалимдин сабагындагыкадамдары боюнчааны менен кошо ой - жүгүртүп, тынымсыз иштеп турат;
- Глобалдык билим аркылуу- окуучулардын аң- сезиминеалган билимдеринойлонуу, сезүү, элестетүүмененыңгайлашкан компоненттер аркылуу кабылалууга шарт түзүлгөн;
- Глобалдык билим берүүдө - мугалим ар дайым өз ордун жоготпойт, класста анын өз орду бар, билим берүүдө ой пикири сакталып, сабакта уюштуруучу, багыт берүүчү, тарбиячы катары негизги ролду ойнойт;
- Глобалдык билим берүүдөмугалим өз сабагындатөмөндөгүлөргө көңүл буруу менensабагын анализдеп жана контролдоп турат:
  - классатагы окуучулардын сабакка даярдыгы;
  - сабак учурунда тартипке көнүл буруу:
  - берилген суроолорго окуучулардын жоопторунунреакциясын кароо;
  - класстын өзгөчөлүгүн, материалды кабыл алуусун, окуучулардын ишкердүүлүгүнүн темпин аныктоо;
  - окуучулардынсөз байлыктарын, кызыкчылыгын, жөндөмдүүлүгүнбүт сабак ичинде байкоо;
  - ар бир сабакка жыйынтык чыгаруу, жыйынтыкты окуучу канча маалыматты кабыл алды деген өнгүттөэмес, окуучуда сабак жөнүндө кандай сезимдер пайда болду, ага кандай таасир эте алдым деген маселе биринчи орунга коюлган[5].

Көп мезгилден бери глобалдык билим берүү программасы менен иштегенУлуттук компьютердик гимназиянын башталгыч классынынмугалими Жунусакунова М. 2-класска өткөн адабий окуусабагынакатышып, ал сабактаболгон байкоолорум боюнча ойлорумду бөлүшкүм келди.

Сабак программанын негизинде 10 кадамдан турду.

| Сабактын кадамдары | Ой пикирлер, байкоолор, тажрыйбалар……. |
| --- | --- |

| | |
|---|---|
| 1-кадам. Сабак жагымдуу маанайдагы кыймылдуу көнүгүүлөрменен башталды. | Байкоолордо төмөндөгүдөй көрүнүштөр болду:<br>- Окуучуларда тартынуу жок;<br>- кадамдар менен иштөө көндүмдүгү калыптанган;<br>- окуучулар жандуу жана активдүү. |
| 2-кадам. Ушул көнүгүүлөрдөн кийин өзүңду кандай сезип калдын? – деген суроо менен мугалимокуучуларга кайрылды. | Окуучулардын жооптору:<br>- көңүлүм ачылды;<br>- жакшы сезип калдым:<br>- уйкум ачылды;<br>-дагы ойногумкелип жатат;<br>-бугун «5» алам деп ойлоп жатам-деген жоопторду беришти. Мынданокуучулар өздөрүнүн иш аракеттеринен кийинөзүнүн абалын анализдөөгө үйрөнүшкөндүгүн байкоого болот. |
| 3-кадам. «Ой жүгүртүүэтабына өтүштү. «Баарынан ким кучтүү»- деген тема боюнчасуроону дептерге жаздырды. | - Мугалимдинубакытты белгилөөсүменен аны балдарбаалай билүүгөүйрөнүшкөн;<br>- балдар өз алдынча ойлонууга көнгөн, -- мугалим тапшырма берер замат класста тынчтык өкүм сүрүп ойлонуу башталды. |
| 4- кадам. Кошуна менен иштөө. | Берилген тапшырмалардыбиргелешип, ынтымакта, оюн бөлүшө билүүгө, бири- биринин оюн уга билүүгө, кеңешип ой бөлүшүп иштеп үйрөнүшкөн.<br>Эң негизгиокуучулар жанындагы коңшу отурган классташы аттаандашы эмес, билим алуудапикирлеш, өнөктөшү экендигин кабылдашкан. |
| 5-кадам. Окуучулар топтордо иштешет. | - Жакшы, жаман окуган бала деп бөлүү жок;<br>- Топтордо иштей алышат, баалуу ойду табууга аракеттенишет;<br>- мугалимбагыттоочу, сабакты жандандыруучу, байкоочу ролду аткарып жатты. |
| 6- кадам. Топто айтылган ойлорун жалпы класс менeнболушүү тапшырмасы берилди. «Баарынан ким кучтүү?» - деген суроого балдар турмуштук тажрыйбаларынан пайдаланып жоопторду беришти. | Окуучулар өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшкөн, жооптору;<br>-суу кучтүү;<br>- адам кучтүү;<br>- ынтымак кучтүү;<br>- кудай кучтүү;<br>- вулкан кучтүү»- деп жоопторду беришти.<br>- Туура эмес болуп калса эмне болом деген коркуныч жок.<br>- Мугалим алардын ою менен эсептешип, туура жолго багыттайт. |

| | |
|---|---|
| 7-кадам. Бул силердин оюнар, эми китептен карап көрөлүчү?- деп мугалим окуучулардык көңүлүн китептеги маалыматкабурду. | Бул кадамда окуучулар өз алдынча китеп окуп үйрөнүү жөндөмдүлүүгүнө ээ болушту, балдар китепти кызыгуу менен окушту.<br>- Окуучулар өз ойлорун турмуштук мисалдар менен да толуктап айтып далилдешти.<br><br>- Мугалим окуучуларга жетектөөчү, ойлонуучу, чаржайыт ойлорун жыйынтыктоочу суроолорду берип ойлорун эркин жүргүзүүгө багыт берип жатты. |
| 8-кадам. “Баарынан ким күчтүү «- деген жомокто эмне жөнүндө жазылган жана өзүңөрүчүн эмне алдынар- деген суроонун айланасында ойлорун айтышты.<br><br>9-кадам. Мугалим окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу мененкөптөгөн маалыматтардын ичинен негизги ойду айттып, сабакка илимий багыт берди.<br><br>10-кадам. Сабакта өтүп жатканда көз алдынарга эмне элестеди?<br>Өтүлгөн тема боюнча сүрөт тарт десем эмнени тартат элеңер?<br>Биз жаратылышыбызды кантип коргосок болот?- деп ойлойсунар?<br><br>Үйгө тапшырма: «Биз жаратылышты кантип коргосок болот? «- деген темада:<br>- Жомок түзүп келүү;<br>- Сүрөт тартуу;<br>- Диалогтүзүү, ролдорго болүштүрүү ж. б. | Окуучулардын көрүү, угуу жана кыймылдуу кабыл алуусу эске алынды.<br>Сабак көрсөтмөлүлүк ыкмасы менен жыйынтыкталды.<br><br>-Мугалим окуучулардын ички сезимдерин ойготкусу келди. Ойлондуруу аркылуу темада өтүлгөн маалыматтарды кыска мөөнөттүүэс - тутумдан узак мөөнөттү эс тутумга өткөрүү аракети жасалды.<br><br>Тапшырма мажбурлоо эмес, окуучунун жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен алтернативдикнегиздеберилди. |

Глобалдык билим беруу программасын өз иш тажрыйбасында пайдаланып жүргөн мугалимдер келечек муундарды тарбиялоодо кандайдыр бир деңгээлдеийгиликке жетишип жатат десек болот. Бул программа боюнча жазылган көптөгөнкитептер, усулдук колдонмолор бар. Аларда окуучулардын кичинекейсабак процессинде сезимдерин ойготуудан баштап, ар кандай маселелерди кенен мейкиндикте чече билүүгөтарбиялагандыгы менен баалуу. Ар кандай жакшы нерселер унутта калып калбашы керек, ошондуктан чыгармачылык менен иштеген, келечек баланын тагдырына кайдыгер карабаган, мезгил талабына үндөш жаштарды тарбиялоо максатын алдына койгон педагогодорго глобалдык билим берүү программасынын идеяларын пайдаланып иштөөнү сунуш кылар элем.

**Адабияттар:**

1. Амонашвили Ш. А. Школа жизни. – М., 1998.
2. Абдыкеримова М. А., Токсомбаева Э. Т, Кадырбекова Р. Т. Жалпы педагогика. - Б., 2013.

3. Бабанский Ю. К. Оптимизация учебно-воспитательного процесса: Метод. Основы. М., 1982.
4. Бондаревская Е. В. Смыслы и стратегии личностно ориентированного воспитания // Педагогика. – 2001. - № 1.
5. Жыргалбекова Г. К. Тарыхты окутуунун методикасы. - Б., 2010.
6. Дьяченко В. К. Организационная структура учебного процесса и её развитие. М., 1989.
7. Рахимова М. Р. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки тарбия системасынын өнүгүшү. (1917-2009)-Б., 2009.
8. Мамбетакунов Э, Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б., 2008.
9. ЯкиманскаяИ. С. Личностно/ориентированное обучение в современной школе. – М., 1996.

**Рецензент: к. филол. н., доцент Сабитова Э. С.**